# КЫРГЫЗ ТИЛИ

***3-категория (7–8-класстар)***

*Узактыгы: 60 мүнөт | Жалпы балл:*

## 1- Бөлүм: Лексика- Грамматика (25 тапшырма)

Тест окуучу сөздүн лексикалык- грамматикалык маанисин түшүнүүсүн текшерет. Жооптун 1 гана туура вариантын (а,б,в же г ) тандагыла.

1. Жалпы элдик тилдин өркүндөтүлгөн эң жогорку формасы кандай тил деп аталат?

А) Эне тил В) Кыргыз тили Б) Адабий тил Г) Жалпы тил

2. Текст маанилик бүтүндүк катары структуралык жактан канча бөлүктөн турат?

А) 2 Б)6 В)3 Г)4

3. Өмүр баян кайсы иш кагаздар стилине кирет?

А)Расмий эмес Б)Расмий В) Публисистикалык Г) Арыз

4. Кептин түрлөрү канчага бөлүнөт?

А) 5 Б)4 В)2 Г)3

5. Тактооч кандай суроолорго жооп берет?

А) Ким? Эмне? Б) Кандай? Кимге?

В) Кимден? Эмнеден? Г) Кайсы убакта? Качандан бери

6. Жандуу жана жансыз заттардан чыккан үндүү табыштарды, добушту, кыймылды, элести окшоштуруп көрсөткөн сөздөр кандай деп аталат?

А) Туранды сөз Б) Жалпылама сөз В) Корутунду сөз

7. Карылык ылдый тартат, Жаштык өйдө тартат

Сүйлөмдөгү асты сызылган сөздөр кайсы сөз түркүнө кирет?

А) Этиш Б) Зат атооч В)Тактооч Г) Ат атооч

8. Сырды сөздөр маанисине карата канча топко бөлүнөт?

А)3 Б)8 В) 2 Г)5

9. Жөнөкөй тактооч жасалышына карай канчага бөлүнөт?

А)2 Б)3 В)1 Г)4

10. Ботом, кайсы Дүйшөндү айтып жатасыңар?

Сүйлөмдөгү сырдык сөздү тапкыла?

А) Дүйшөндү Б)айтып В)ботом Г)кайсы

11. Атоочтуктар кандай жолдор менен жасалат?

А) Морфологиялык, синтаксистик Б) Морфологиялык, фонетикалык

В)Синтаксистик, фразеологиялык Г) Фонетикалык, синтаксистик

12. Чакты жана жакты көрсөтпөй туруп, негизги этишти тактап көрсөтүү үчүн анын кошумча кыймыл- аракетин билдирген сөз түркүмүн тап?

А)Зат атооч Б) Тактооч В)Этиш Г) Чакчыл

13. Жер томсоруп гана турат. Аталган сүйлөмдөн чакчыл сөздү тапкыла?

А) жер Б)томсоруп В)гана Г)турат

14. Кызматчы сөздөр маанилерине край кызматтчы сөздөр кандай болуп бөлүнөт?

А) Жандооч, модаль сөз, бөлүкчөлөр, байламталар

Б) Жандооч, ээ,баяндооч, модаль сөз

В)Байламталар, бөлүкчө, чачыл, корутунду

Г)Байламта, атоочтуктар, чакчыл, бөлүкчө

15. Байламатлар маанилерине карай канчага бөлүнөт?

А) 7 Б)3 В)6 Г)5

16. Балким, Бектурган мындай жакшылык болоорун билбеген чыгар.

Жогоруда берилген сүйлөмдөн модалдык сөздү тап?

А)мындай В)балким

Б)жакшылык Г)чыгар

17. Тууранды сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирет?

А) кызматчы В)маани берүүчү

Б)жандооч Г)өзгөчө сөз түркүмү

18. Кош, кошмок сөз түрүндөгү тууранды сөздөр кандай жазылат?

А) Арасын дефис коюлбай, ар башка Б)арасына дефис коюлуп

В)арасына үтүр коюлуп, бөлөк Г) бирге

19. Сырдык сөздөр сөз түркүдөрүнүн кайсы түрүнө кирет

А) маани бербөөчү (кызматчы)сөз түркүмү Б) Маани берүүчү сөз түркүмү

В)Өзгөчө сөз түркүмү Г) Модалдык сөз түркүмү

20. Жандоочтор кайсы жөндөмөлөр менен айкашат?

А)илик, жатыш,чыгыш,табыш Б) атооч, табыш,барыш,чыгыш

В)Жатыш, илик, барыш Г)атооч, барыш, чыгыш

21. Бөлүкчөлөр мааниси боюнча канчага бөлүнөт?

А) 4 Б)6 В)7 Г)8

22. Төмөнкү эле деген сөздүн кайсынысы бөлүкчө

А) Окуучулар келишкен эле Б) Окуучулар эле келишкен

В)Мен жардамдашкан элем Г)Ал сабакты жакшы окуучу эле

23. Кыймыл атоочту кандай мүчөлөр уюштурат?

А)-оо,-ее,-уу, -үү, -ыш,-мак,- май Б)-ып, -ганы,- ганча,-майынча

В)-луу, -лык, -чыл,-ыраак Г) –ынчы,- гай, -дай, -ча

24. Атоочтук түрмөктүн милдетин кйсы сүйлөм мүчөсү жана кайсы сөз түркүмдөрү аткарып турат?

А) Баш жана айкындооч мүчөлөр Б) зат атооч

В)Этиш Г) баш жана тактооч

25. Чакчылдар кандай синтаксистик кызматты аткарат?

А) ээлик милдетти аткарат Б)Аныктоочтук милдетти аткарат

В)Толуктоочтук милдетти аткарат Г)Бышыктоочтук милдетти аткарат

## 2- Бөлүм. Окуп Түшүнүү ( 2 бөлүк)

Текстте берилген маалыматты түшүнүү, талдоо тыянак чыгаруу билгичтиги текшерилет.

### 2.1. Бөлүк.

Текстти оку. Текст боюнча тапшырмаларды аткар. Жооптордун ичинен бир вариантты танда.

**Саймалуу таш**

Саймалуу–Таш өрөөнүндөгү аска–таштарга тартылган кайталангыс сүрөттү биринчи жолу 1902–1903 - жылдары орус географиялык экспедициясынын археологдору тарабынан ачылган. Кызыгы бул сүрөттөөлөр жана жазуулар кербен жолуна жакын эмес, тескерисинче алыскы тоодон орун алган. Сүрөттөрдүн мааниси ар түрдүү . Анда аңчылыктын, дүйнө таанымга байланыштуу ырым – жырымдардын көрүнүштөрү жана буюм–тайымдар чагылдырылган. Ошондой эле ар кандай геометриялык фигуралар орун алган. Миң түркүн жан– жаныбарлардын сүрөттөлүштөрү, тоолордун жана али күнчө чечмеленбеген ар кыл табышмактуу сюжеттер кездешет. Сыягы, бул жерде отурукташкан көчмөн ата–бабаларыбыз кандай байлыкка ээ экендигин сезе билишип жана аларды көздүн карегиндей сактап кийинки урпактарга мурастап калтырууну кыялданышкан чыгар. Байыркы цивилизациянын руханий турмушунун өзүнчө бир өнүгүш баскычтарын өз кучагына камтыган миңдеген бул аска-таш сүрөттөр деңиз деңгээлинен 3200 метр бийиктикте тоолуу ачык асман астында жайгашкан. Жер жүзүндө жок өзгөчөлүгү менен айырмаланган сейрек сакталып калган петроглифтерди дүйнөлүк маанидеги эстеликтердин катарына коюуга болот. Саймалуу–Таштагы таш жазуулардын саны азыркыга чейин тактала элек.

1.Саймалуу–Таш өрөөнүндөгү аска–таш сүрөттөрүнүн өзгөчөлүгү эмнеде?

А) Кербен жолдорунун боюнда жайгашкандыгында

Б) Жазуулар бир гана аңчылыкты чагылдыргандыгында

В) Алыскы тоолуу аймакта, деңиз деңгээлинен бийик жайгашкандыгында

Г) Сүрөттөрдүн бардыгы бир доорго тиешелүү экендигинде

2.Текстке ылайык, Саймалуу–Таштагы сүрөттөр эмнелерди камтыйт?

А) Аңчылык, ырым-жырым, геометриялык фигуралар жана табышмактуу сюжеттерди

Б) Көчмөндөрдүн күнүмдүк турмушун гана

В) Бир гана жаратылыш көрүнүштөрүн

Г) Тарыхый согуштардын баянын

3.Автордун оюнча, ата–бабаларыбыз бул аска–таш сүрөттөр аркылуу эмнени көздөшкөн?

А) Кербен жолун белгилөөнү

Б) Өз байлыгын жана руханий мурасын сактап калууну

В) Душмандарын коркутууну

Г) Жер бөлүштүрүүнү

4.Саймалуу–Таш петроглифтерин дүйнөлүк маанидеги эстеликтердин катарына кошууга негиз болгон себеп кайсы?

А) Сүрөттөрдүн саны аз болгону

Б) Толук чечмеленип бүткөндүгү

В) Жайгашкан жери элге жакын болгону

Г) Өзгөчө мазмуну жана сейрек сакталып калгандыгы

5.Тексттеги маалыматка таянып, төмөнкү кайсы тыянак туура?

А) жазуулардын так саны азырынча белгисиз

Б) Таш жазуулардын так саны азырынча белгисиз

В) Петроглифтер деңиз деңгээлинен төмөн жайгашкан

Г) Сүрөттөр бир эле жан-жаныбарды чагылдырат

## 2.2. Бөлүк.

Текстти оку. Текст боюнча тапшырмаларды аткар. Жооптордун ичинен бир вариантты танда.

**Нооруз**

Чыгыш элдери Ноорузду жаз мезгилинде майрамдашат. Ал жылдын жаңырышы катары белгиленет. Башкача айтканда, күн менен түндүн теңелген мезгилине туура келет. Нооруздун негизги мааниси – бул жарыктын караңгылыкты жана жакшылыктын жамандыкты жеңип чыгышы болуп эсептелет. Бул майрам чынында эле жаңы жашоо мезгили башталып, жер жаз жыттана баштаган учурга туура келет. Жаңы жыл келди деп, бир канча ырым–жырымдарды жасашып, майрамдашат. Кыздар кызыл-жашыл кийимдерди кийишет. Жашыл – жаздын, жаштыктын белгиси дешет. Кызыл – от түсүндөй тазалыктын белгиси катары белгиленет. Элдер үйлөрүн, көчөлөрдү тазалашат. От жагышып, оттон секиришет. Жаман жорук болсо, от менен тазалансын дешет. Бири–бирине жашыл чөп, өсүмдүк белек беришет. Сууга эгин чөп агызышып, аны менен эгин көп болсун дешет. Жети даамдын башынан кошуп көжө, сүмөлөк жасашып, түнү бою бышырып, таңында элге таратышат. Дагы бир ырым бул: адамдар бири бирине болгон таарынычы болсо, кечиришет. Жакшы тилектерди арнашат. Үйлөрдү арча күйгүзүшө аласташып, шайтан–шабырдан арылышат.

1.Текстке ылайык, Нооруз кайсы табигый көрүнүш менен түздөн-түз байланыштуу?

А) Күндүн узарып башташы менен

Б) Күн менен түндүн теңелиши менен

В) Жайдын башталышы менен

Г) Кыштын толук аякташы менен

2.Нооруз майрамынын негизги идеясы кайсы ойду билдирет?

А) Байлыкка умтулуу

Б) Жаңы кийим кийүү

В) Жарыктын караңгылыкты, жакшылыктын жамандыкты жеңиши

Г) Эмгек майрамын белгилөө

3.Автор «жылдын жаңырышы» деп Ноорузду аташына негиз болгон ой кайсы?

А) Табиятта жана адамдардын жашоосунда жаңы мезгилдин башталышы

Б) Элдин көп чогулушу

В) Салттуу тамактардын даярдалышы

Г) Көңүл ачуучу оюндардын өтүшү

4.Кыздардын кызыл жана жашыл кийим кийишинин мааниси эмнеде?

А) Кызыл – кубаныч, жашыл – байлык

Б) Кызыл – оттун, жашыл – суунун белгиси

В) Кызыл – тазалыкты, жашыл – жазды жана жаштыкты билдирет

Г) Бул жөн гана салт катары аткарылат

5.Оттон секирүү ырым-жырымы эмнени билдирет?

А) Эрдикти сыноо

Б) Жаман жорук менен кирден тазаланууну

В) Көңүл ачуу үчүн жасалган оюнду

Г) Жылуулукка жетүүнү

6.Текстке ылайык, элдин үйлөрдү жана көчөлөрдү тазалашынын символдук мааниси кайсы?

А) Конок тосууга даярдык

Б) Кыштан калган буюмдарды жок кылуу

В) Майрамды узакка созуу

Г) Жаңы жылды таза маанай менен тосуп алуу

7.Жашыл чөп же өсүмдүк белек кылуунун негизги мааниси эмнеде?

А) Жаздын келишин жана өсүп-өнүүнү каалоо

Б) Табиятка зыян келтирбөө

В) Салтты сактоо үчүн гана

Г) Байлыкка жетишүү

8.Сууга эгин чөп агызуу ырым-жырымы кандай тилекти билдирет?

А) Сууну тазалоо

Б) Жамгыр көп болсун деген ишеним

В) Эгиндин мол болуусун каалоо

Г) Табиятты коোздоо

9.Жети даамдан көжө, сүмөлөк жасоонун мааниси кайсы ой менен байланышкан?

А) Тамак-ашты үнөмдөө

Б) Байыркы рецепттерди сактоо

В) Конокторду таң калтыруу

Г) Биримдикти жана молчулукту каалоо

10.Тексттин мазмунуна ылайык, Нооруз майрамы адамдардын кайсы сапаттарын бекемдейт?

А) Кечиримдүүлүктү, ынтымакты жана жакшылыкка умтулууну

Б) Сабырдуулукту жана эмгекчилдикти

В) Тайманбастыкты

Г) Жеңишке жетүү сезимин

## 3- Бөлүм: Жазуу

Бул ЖАЗУУ тестти. Аткаруу мөөнөтү:

Тапшырманы аткаруудан мурда кырдаалды окуп чыгып, андан кийин жазуу ишин жумушчу барагына аткаргыла. Берилген темалардын ичинен бир теманы тандап алып, ошол темада  текст түз. (10-12 сүйлөм менен)

1. Менин кесиптешим
2. Менин курдаштарым
3. Менин кесибим
4. Менин сүйүктүү мезгилим
5. Менин бош убактым
6. Мага жаккан спорт оюндары

________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________

________________________________________________________________

______________________________________________________